# ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАРДЫ КОЛДОНУУ АРКЫЛУУ ТОГОЛОК МОЛДОНУН «КЕМЧОНТОЙ» ПОЭМАСЫН ОКУТУУ

***Абдыкадырова М.Б.***
***педагогика илимдеринин кандидаты***
***АДАМ университети /БФЭА***
***abdykadyrova.maya@mail.ru***

***Аннотация:*** *Макалада кыргыз элинин жазма акындарыныны бири Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасын окутуунун интерактивдүү усулдары берилген. Коомдун өнүгүшүнө ылайыктуу билим, тарбия берүүдө окутуунун интерактивдүү ыкмаларын колдонуу менен окутуунун сапатын жакшыртуу негизги маселелердин бири болуп саналат. Интерактивдүү окутуу бир нече артыкчылыктарга ээ. Ал баарынан мурда , катышуучулардын бири-бири менен жана мугалим менен активдүү эмоционалдык баарлашуусуна, пикирлешүүсүнө негизделген. Интерактивдүү усулдун негизги ыкмасы катары окутуунун топтук ыкмасы саналат. Топтук ыкманы колдонуу аркылуу окуучулар сабакты өздөштүрүүгө, талдаган материалдары тууралуу түшүнүктөрдү бекемдөөгө, коюлган проблеманын үстүндө ой жүгүртүүгө, корутунду чыгара билүүгө жетишет. Мына ошондуктан өтүлүп жаткан чыгарманы терең жана толук түшүнүү үчүн, сабакта интерактивдүү усулдар менен байланыштуу ар тараптуу иш-аракеттер жүргүзүлүшү сабактын натыйжалуугун берет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *поэма, интерактивдүү метод, топтук ыкма, оң жана терс образдар, кластер*

# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ИНТЕРАКТИВНЫХ МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ ПРИ ИЗУЧЕНИИ ПОЭМЫ «КЕМЧОНТОЙ»ТОГОЛОКА МОЛДО

***Абдыкадырова М.Б.***
***кандидит педагогических наук***
***Университета АДАМ /БФЭА***

***Аннотация:*** *В статье рассматривается применение интерактивных методов обучения при изучении поэмы «Кемчонтой» великого акына-письменника кыргызского народа Тоголока Молдо. Использование интерактивных методов обучения для повышения качества обучения является одной из основных проблем общества в развитии образования. Особенность интерактивных методов – это высокий уровень взаимно направленной активности субъектов взаимодействия, эмоциональное, духовное единение участников. Работа в малых группах дает всем учащимся практиковать навыки сотрудничества, межличностного общения, умение активно слушать, вырабатывать общее мнение, разрешать возникающие разногласия. Использование интерактивных форм работы в изучении произведения Тоголока Молдо «Кемчонтой» развивает коммуникативные навыки, способствует эффективному усвоению учебного материала, учит работать в группе.*

***Ключевые слова:****поэма, интерактивный метод, работа в группе, положительные и отрицательные образы, кластер*

# THE USE OF INTERACTIVE METHODS OF TEACHING TO LEARN THE POEM «KEMCHONTOY» BY TOGOLOK MOLDO

***Abdykadyrova M.B.***
***candidate of Pedagogical Sciences***
***ADAM University/BFEA***

***Annotation:****The article discusses the use of interactive teaching methods in the study of the poem "Kemchontoy" by the great akyn-writer of the Kyrgyz people Togolok Moldo. The use of interactive teaching methods to improve the quality of teaching is one of the main problems for the society in the development of the education.*
*The peculiarity of interactive methods is a high level of mutually directed activity of the subjects of interaction, emotional, spiritual unity of the participants. Work in small groups gives all students to practice cooperation skills, interpersonal communication, the ability to listen actively, develop a common opinion, resolve disagreements that arise. The use of interactive forms of work in studying the work of Togolok Moldo «Kemchontoy» develops communication skills, promotes the effective assimilation of teaching materials, teaches us how to work in a group.*

***Keywords:****The poem, interactive method, group work, positive and negative images, cluster*

**УДК. 371.3:82**

Акыркы мезгилде окутуу процессине жана инсандын өнүгүүсүнө коюлган жаңы талаптар мектепте окутуунун жаңыча жолдорун, методдорун издөөгө жана колдонууга алып келип отурат. Бүгүнкү күндө окутуу практикасында окутуунун салттуу методдору менен катар интерактивдүү методдор кеңири колдонулууда.

Интерактивдүүметод окуучунун аң – сезимине, туюмдарына, эрктик сапаттарына таасирин тийгизет, ошондой эле аларды илимий жана практикалык билимге, билгичтикке, көндүмгө тарбиялайт» [4, 202-б.].

Бул методдун натыйжалуулугу – мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун ортосунда теңчиликти, өз ара кызматташтыкты, активдүү баарлашууну жүзөгө ашырууга ылайык. Бүгүнкү күндө окутуу практикасында интерактивдүү методдор натыйжалуу колдонулууда. Бул туурасында да Сабыр Иптаров мындай ойлорун ортого салат: «Интерактивдүү окутуу усулдары, инновациялык технологияларды колдонуу окуучулардын өз ара биргелешкен ишин активдештирүү каражаттар болуп саналат. Алардын негизги бөтөнчөлүгү – жамаатта, топто, жупта иштеп, ар бир адам билим алуу процессине жандуу тартылууга тийиш» [3, 4-б.].

Окутуучу, албетте, өтүлчү сабактын окутулуш усулун, ыкма-каражаттарын туура тандоо ийгиликке жетишүүнүн башкы өбөлгөлөрүнүн бири болуп эсептелерин дайым эске алып жүрүшү зарыл.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде кыргыз адабияты сабагында эл акындарынын чыгармаларын үйрөнүү менен бирге окуучулар ошол эле учурда акылын, билимин, билгичтиктерин өнүктүрүшөт, тактап айтканда, окулган чыгармага карата өз пикирин, көз карашын, мамилесин билдирүүгө, чыгармадан автордун оюн, каармандардын монолог, диалогдорун таба билүүгө үйрөнүшөт. Мына ошондуктан өтүлүп жаткан чыгарманы терең жана толук түшүнүү үчүн, сабакта интерактивдүү усулдар менен байланыштуу ар тараптуу иш-аракеттер жүргүзүлүшү сабактын натыйжалуугун берет. Интерактивдүү методдун негизги ыкмасы катары окутуунун топтук ыкмасы саналат. Топтук ыкма менен окуган шартта класстагы окуучулар чакан топторго бөлүнүшөт (үч-төрттөн, төрт-бештен). Мындай кырдаалда интерактив күчүнө кирет. Топтун мүчөлөрүнүн максаты бири-бирин колдоо, көмөк көрсөтүү, акылдашуу аркылуу биргелешип иштөө, билимге жетишүү, коюлган окуу маселесин чечүү, суроого, темага, проблемага чогуу жооп издөө. Топтук окутуу ыкмасы окуучуларга өз алдынчалыкты бергендиги менен баалуу. Топтук ыкманын артыкчылыгы-өнөктөш болуп отурган окуучулар өз билгендерин ортого салышып, бири-бирин байытышат. Тоголок Молдонун “Кемчонтой” поэмасын өтүүдө интерактивдүү методдун топтук ыкмасын колдонуу окуучуларды сабакка жандуу катышууга, өз пикирин айтууга, кеңири ой жүгүртүүгө, эркин көз караштын

калыптанышына, маселени чечүүгө, бирге жооп издөөгө, сабактын кызыктуу өтүлүшүнө өбөлгө түзөт.

**Сабактын темасы:** Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасы

**Сабактын максаты:** 1. Окуучуларга «Кемчонтой» сатиралык поэмасынын бүгүнкү күндөгү маанисин ачып түшүндүрүү.

2. Окуучулардын өткөн мезгил жана азыркы мезгил тууралуу ойлорун салыштыруу, билгендерин өнүктүрүү.

3. Өз ойлорун эркин айтууга үйрөнүшөт.

4. Бири-бири менен пикир алмашып, суроо берүүгө такшалышат.

**Сабактын тиби:** Бышыктоо сабагы.

**Сабактын формасы:** Чыгармачылык сабак.

**Сабактын ыкмасы:** Ангемелешүү, топко бөлүү

**Сабактын жабдылышы:** Ар бир топко бирден А-4 формасындагы кагаз, эки түстүү маркер, окуу китеби, түстүү сүрөттөр

**Сабактын жүрүшү:**

1. Уюштуруу (Окуучуларды тизме боюнча тактоо, жаттоого берилген сөздөргө токтолуу.

2. Топко бөлүү. Топтун мүчөлөрү өтүлгөн теманын мазмунуна токтолуп, теманы айтып беришет.

**I Өздөштүрүүчү топ** «Кемчонтой» поэмасы боюнча түшүнүктөрүн айтып беришет.

**II Өнүктүрүүчү топ** түзгөн кластерлери боюнча жооп беришет.

Окутуучу тактада жазылган сөздөргө окуучулардын көңүлүн бурат. Ар бир сөздү орусчадан кыргызчага которуп маани -маңызын окуучуларга ачып берет. Сөз өстүрүүдө аталган сөздөрдүн колдонуусун өтүнөт.

Унутуу – забыть, акылсыз – глупый, кемсинтүү – унижать, паракор казы –взяточник судья, акыйкаттык – справедливость, таржымал – история, жоруктары – выходки, колумдун чени – измерение, приблизительное измерение руками, даңазалоо – прославить, наадандык (дөөпөрөстүк) – тупость

**Өздөштүрүүчү топ тарабынан** Кемчонтой менен Багдагүлдүн образы түзүлөт. Кемчонтой айтылуу паракор казынын баласы экендиги, атасы тирүү кезинде баласынын «сыры» да «чыры» да билинбегендиги, «оозу кыйшык болсо да, байдын баласы сүйлөсүн деген принцип өкүм сүрүп келгендеги, атасы өлгөндөн кийин Кемчонтойдун накта адамдык касиет-сапаты ачыкка чыга баштаганын байкаган энеси «малдын күчү менен» үйлөнтүп койгондугу баяндалат. Багдагүлдүн акылдуулугу, Кемчонтойго кор болгондугу, андан кутулуштун амалын издегендеги айтылат. Чыгармадан эки каарманды сүрөттөгөн үзүндү окулат. Кемчонтойдун турмуштун өзгөрүшүнө жараша мамиле жасоону

түшүнбөстүгүн, билбестигин, бара-бара келесоонун абалына түшүп бара жатканын сүрөттөшөт.

**1-сүрөт:** Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасындагы Кемчонтойдун образы боюнча окуучулардын түзгөн кластери

**2-сүрөт:** Тоголок Молдонун «Кемчонтой» поэмасындагы Багдагүлдүн образы боюнча окуучулардын түзгөн кластери







Өнүктүрүүчү топ түзгөн кластерлери боюнча жооп беришет. Кластер Кемчонтой менен Багдагүлдүн мүнөздөрүн салыштыруу максатында түзүлөт. Мында окуучулардын билимин текшерүүнү жеңилдетет, ошондой эле өтүлүп жаткан чыгармадагы оң жана терс образдардын инсандык жекече өзгөчөлүктөрүн, буларга байланыштуу эпизод-окуяларды кыйла тереңирээк, бекем өздөштүрүүсүнө көмөкчү болот. Окуучулар түзгөн кластер болжолдуу жогорудагыдай түрдө болот.

**Өздөштүрүүчү топко суроо беребиз.**

1. Кемчонтойдун акылы кемби же атайылап жасайбы? Мүнөзү эркеби? Өзү жалкообу?
2. Азыркы күндө Кемчонтой сыяктуу байдын балдары барбы? Болсо, аларды кантип тарбияласа болот?
3. Эрке, жалкоолук жакшы сапатпы?
4. Силерде жалкоолук сапат барбы?
5. Адамдарда кездешүүчү терс сапаттар: кенебестикти, жалкоолукту болтурбай коюуга мүмкүнбү? (окуучулардын жообун толуктайбыз).

**Күткөн жооп:** Кемчонтойго окшогон, акыл-эси бар туруп, акылы менен ойлонуп иш кылбаган эси жок балдар көп. Сабакка көңүл бөлбөй, эси-дарты уурулук, тоноочулук же күч көрсөтүп кээ бир окуучуларга акча салык салып, уруп-сабаганды кесип кылып алгандар жок эмес. Эгерде досуң ошондой болуп калса кантесиң? Кошулат белең? Кана эмесе ар ким өзүнүн оюн айтып көрсүн. Балдар арасында чын эле ошондой балдар кадырлуубу? (Окуучулардын оюн толуктайбыз)

Ошентип, поэма боюнча жалпы түшүнүк бышыкталат. Поэманын бүгүнкү күндөгү мааниси боюнча топтор ортосунда талаш-тартыш, учурдагы маселе боюнча өз пикирлерин билдиришет.

**Өнүктүрүүчү топ**:

Ден соолугу начар майып балдарга өкмөт кандай камкордук көрөт?

(Окуучулардын жообун толуктап турабыз)

Ал эми, ден соолугу начар майып балдарды мамлекет коргоого алган. Алар үчүн атайын дарылануучу жайлар, окуу жайлар бар. Аларга арнап уюштуруучулар жылына дем берүүчү концерттер тартууланат, кызыктыруучу белектер берилет.

**Жыйынтыктоо:** Документалдык фильмден үзүндү көрсөтүү.

Сабактын аягында окуучулардын топтордо топтогон  упайлары аркылуу окутуучу тарабынан бааланат.

**Үй тапшырма:** «Кемчонтой» поэмасын маанисин түшүнүп окуп келүү. Кемчонтойду кандай элестетесиңер, сүрөт тартуу. Класстер түзүү. Сөздүк менен иштөө.

Жыйынтыктап айтканда, топтордо иштөөнүн өзгөчөлүгү ар бир топтогу окуучулардын баары өз алдынча ой жүгүртүшөт. Ар бир окуучу окутуучу тарабынан берилген тапшырмага өз салымын кошо алат, атаандаштык күчөйт, чыгармачылык менен иш алып барышат. Окуучунун оюнда биздин топ утушка ээ болсо экен деген кызуу аракет болот. Бир дагы окуучу бекер отурбайт. Ар бир окуучу берилген тапшырманы аткарууда бирден сүйлөм болсо дагы сүйлөп, өз ойлорун ортого салышат.

Адабияттар:


1. Байгазиев С. Окутуунун интерактивдик методу. Б.: «Эркин-Тоо», 2004
2. Залкар акындар.Тоголок Молдо. Алдаш Молдо: 6 т./Түзг.: ААкматалиев ж.б., Б.: «Бийиктик плюс», 2015
3. Иптаров С. «Шоокум» журналы №5 (10) Бугу, 2007-жыл
4. Ишекеев Н., Батаканова С. Көркөм чыгармаларды окутуунун методикасы. – Б.: 2014
5. Кыргыз адабиятынын программасы: окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептердин V-XI класстары үчүн/түз. А.Муратов. – Б., 2013
6. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга, окуу хрестоматиясы, 1-том, Б.: 2010
7. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004
8. Муратов А., Исаков К. Кыргыз балдар адабияты, Б., 2012
9. Оторбаев Б. Мектепте адабиятты интерактивдүү окутуу. – Б., 2011
10. Саалаев Ө. Окутуунун интерактивдүү усулдары. – Б., 2009